ЦОН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2024-жылдын 4-июлу, № 358

**Жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү программалары боюнча илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо жөнүндө жобону бекитүү тууралуу**

Илимий, илимий-педагогикалык кадрларды даярдоону укуктук жөнгө салуу максатында, «Илим жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү программалары боюнча илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо жөнүндө жобо бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 16-июлундагы № 327 «Кыргыз Республикасында илимий-педагогикалык жана илимий кадрларды даярдоо жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

3. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.У. Жапаров**

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ №1 КАБИНЕТ МИНИСТРОВ

010027*

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

от 4 июля 2024 года № 358

**Об утверждении Положения о подготовке научных и научно-педагогических кадров по программам послевузовского профессионального образования**

В целях правового регулирования подготовки научных, научно-педагогических кадров, руководствуясь Законом Кыргызской Республики «О науке», статьями 13, 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Кабинете Министров Кыргызской Республики», Кабинет Министров Кыргызской Республики постановляет:

1. Утвердить Положение о подготовке научных и научно-педагогических кадров по программам послевузовского профессионального образования.

2. Признать утратившим силу постановление Правительства Кыргызской Республики «Об утверждении Положения о подготовке научно-педагогических и научных кадров в Кыргызской Республике» от 16 июля 2018 года № 327.

3. Настоящее постановление вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Председатель Кабинета Министров Кыргызской Республики** **А.У. Жапаров**

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ №1 КАБИНЕТ МИНИСТРОВ

010026*

Тиркеме

**Жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү программалары боюнча илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо жөнүндө жобо**

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул Жобо илимий, илимий-педагогикалык кадрларды даярдоону уюштуруу тартибин жөнгө салат.

2. Илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү программалары боюнча PhD/тармак боюнча докторантура, докторантура, аспирантура (адъюнктура), изденүүчүлүк аркылуу жүзөгө ашырылат.

Илимий-методикалык жетекчилик, илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоону контролдоо илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жүзөгө ашырылат.

3. Жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик адистештирилген медициналык билим берүү (ординатура, интернатура) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими менен аныкталган тартипте жүзөгө ашырылат. Атайын медициналык билим берүүнүн программалары боюнча илимий-методикалык жетекчилик жана даярдоону контролдоо саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жүзөгө ашырылат.

4. Илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо күндүзгү жана сырттан окуу формаларында жүзөгө ашырылат.

5. Философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктордун окумуштуулук даражасын изденип алууга илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечимдери менен аныкталат.

6. Илимий кадрлар жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү лицензиясынын негизинде даярдалат. Илимий жана илимий-техникалык уюмдар (мындан ары – илимий уюмдар) жана жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдары (мындан ары – жождор) Кыргыз Республикасынын лицензиялык-уруксат берүү системасы чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык илимий кадрларды даярдоо укугун алат.

Өзгөчө статусу бар жождорго жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү программаларын жүзөгө ашыруу үчүн лицензия алуу талап кылынбайт.

7. Илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо жогорку квалификациялуу илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды аттестациялоо жаатындагы мамлекеттик орган тарабынан

Приложение

**Положение о подготовке научных и научно-педагогических кадров по программам послевузовского профессионального образования**

## Глава 1. Общие положения

1. Настоящее Положение регулирует порядок организации подготовки научных, научно-педагогических кадров.

2. Подготовка научных и научно-педагогических кадров осуществляется по программам послевузовского профессионального образования через докторантуру PhD/по профилю, докторантуру, аспирантуру (адъюнктуру), соискательство.

Научно-методическое руководство и контроль за подготовкой научных и научно-педагогических кадров осуществляется уполномоченным государственным органом в сфере науки.

3. Послевузовское профессиональное специализированное медицинское образование (ординатура, интернатура) осуществляется в порядке, определяемым решением Кабинета Министров Кыргызской Республики. Научно-методическое руководство и контроль подготовки по программам специального медицинского образования осуществляются уполномоченным государственным органом в сфере здравоохранения.

4. Подготовка научных и научно-педагогических кадров осуществляется в очной и заочной формах.

5. Подготовка научных и научно-педагогических кадров на соискание ученой степени доктора философии (PhD)/доктора по профилю определяется решениями Кабинета Министров Кыргызской Республики.

6. Научные кадры готовятся на основе лицензии послевузовского профессионального образования. Научные и научно-технические организации (далее – научные организации) и образовательные организации высшего профессионального образования (далее – вузы) получают право на подготовку научных кадров в соответствии с законодательством Кыргызской Республики в сфере лицензионно-разрешительной системы.

Вузам с особым статусом получение лицензии для осуществления программ послевузовского профессионального образования не требуется.

7. Подготовка научных и научно-педагогических кадров осуществляется по научным специальностям и направлениям в соответствии с номенклатурой специальностей научных работников,

бекитилүүчү илимий кызматкерлердин адистиктеринин номенклатурасына ылайык илимий адистиктер жана багыттар боюнча жүзөгө ашырылат.

8. Илимдин кандидаты жана илимдин доктору окумуштуулук даражалары аттестациялоо боюнча мамлекеттик орган тарабынан изденүүчүнүн диссертацияны эл алдында коргоосунун жыйынтыгы боюнча кабыл алынган диссертациялык кеңештин өтүнүчүнүн негизинде ыйгарылат. Философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген тартипте ыйгарылат.

9. Жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү программалары боюнча окуу укугуна Кыргыз Республикасынын жарандары, чет мамлекеттердин жарандары жана жарандыгы жок адамдар ээ болот.

10. Ушул Жободо төмөнкүдөй негизги түшүнүктөр колдонулат:

1) илимий жетекчи/консультант – окуган адамды окутуу тармагы же ага байланыштуу изилдөө тармагы боюнча окумуштуу, ал илимий ишти жетектейт, окуган адамдын окуу жана илимий-изилдөө ишинин натыйжаларын жана аттестациясын контролдойт;

2) окумуштуулар (илимий-техникалык) кеңеши – илимий жана илимий-педагогикалык ишти жүргүзүү чөйрөсүндө кабыл алынуучу чечимдердин коллегиялуулугун камсыздоочу илимий уюмдардын/жождордун коомдук-кесиптик башкаруу органы.

## 2-глава. Докторантура

11. Докторантура – илимий изилдөөлөрдүн жаңы багыты боюнча илимий-изилдөө иштерин уюштуруу же илимий изилдөөлөрдүн учурдагы актуалдуу багыттарын концептуалдуу өнүктүрүү, илимдин доктору окумуштуулук даражасын изденип алууга жеке илимий-квалификациялык ишти (диссертацияны) даярдоого мүмкүндүк берүүчү илимий иштин натыйжаларын аналитикалык жалпылоо компетенцияларына ээ болгон илимий-педагогикалык жана илимий кадрларды даярдоо формасы.

12. Докторантурага илимдин кандидаты жана философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасы бар адамдар кабыл алынат.

Докторантурада даярдоо 4 жылдан кем эмес мөөнөттү түзөт.

13. Докторантурага кабыл алуу жөнүндө арыз илимий уюмдун/жождун жетекчисинин атына берилет, ага төмөнкү документтер тиркелет:



утверждаемой государственным органом в области аттестации научных и научно-педагогических кадров высшей квалификации.

8. Ученые степени кандидата наук и доктора наук присуждаются государственным органом аттестации на основе ходатайства диссертационного совета, принятого по результатам публичной защиты диссертации соискателем. Ученая степень доктора философии (PhD)/доктора по профилю присуждается в порядке, установленном Кабинетом Министров Кыргызской Республики.

9. Право на обучение по программам послевузовского профессионального образования имеют граждане Кыргызской Республики, граждане иностранных государств и лица без гражданства.

10. В настоящем Положении используются следующие основные понятия:

1) научный руководитель/консультант – ученый по отрасли обучения или смежной области изучения обучающегося, осуществляет руководство над научной работой, контроль результатов и аттестации учебной и научно-исследовательской деятельности обучающегося;

2) ученый (научно-технический) совет – общественно-профессиональный орган управления научных организаций/вузов, обеспечивающий коллегиальность принимаемых решений в сфере осуществления научной и научно-педагогической деятельности.

## Глава 2. Докторантура

11. Докторантура – форма подготовки научно-педагогических и научных кадров, обладающих компетенциями организации научно-исследовательской работы по новому направлению научных исследований или концептуального развития существующих актуальных направлений научных исследований, аналитического обобщения результатов научной деятельности, позволяющих подготовить индивидуальную научно-квалификационную работу (диссертацию) на соискание ученой степени доктора наук.

12. В докторантуру принимаются лица, имеющие ученую степень кандидата наук и доктора философии (PhD)/доктора по профилю.

Срок подготовки в докторантуре составляет не менее 4 лет.

13. Заявление о приеме в докторантуру подается на имя руководителя научной организации/вуза с приложением следующих документов:

1) копия диплома о присуждении ученой степени кандидата наук или доктора философии (PhD)/доктора по профилю;

2) копия паспорта (лица с гражданством);

3) резюме/личный листок по учету кадров;

1) илимдин кандидаты же философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын ыйгаруу жөнүндө дипломдун көчүрмөсү;

2) паспорттун көчүрмөсү (жарандыгы бар адамдар);

3) резюме/кадрларды каттоо боюнча өздүк баракча;

4) докторлук изилдөө планы;

5) жарыяланган илимий эмгектердин, ойлоп табуулардын жана патенттердин тизмеси;

6) илимий жетекчинин/консультанттын болжолдонгон тема жана изилдөө чөйрөсү менен макулдук каты (болсо).

Паспортту жана түп нускадагы дипломду докторант жеке өзү көрсөтөт.

14. Докторантурага кабыл алуу конкурстук негизде жүргүзүлөт.

Илимий уюмдун/жождун окумуштуулар (илимий-техникалык) кеңеши илимий кызматкерлердин адистиктеринин номенклатурасына ылайык илимий адистиктер боюнча докторантурага конкурстук кабыл алуу жөнүндө жарыялайт. Илимий уюм/жож жетекчинин буйругу менен конкурстук комиссияны түзөт, анын курамына илимий иштер боюнча проректор жана жетектөөчү окумуштуулар кирет. Документтерди берүү үчүн белгиленген мөөнөт аяктагандан кийин конкурстук тандоонун бардык катышуучуларынын документтери комиссиянын кароосуна берилет.

15. Кабыл алууда негизги критерийлер төмөнкүлөр болуп саналат:

1) илимий изилдөөнүн илимий уюмдун/жождун тармагына шайкештиги;

2) илимий уюмда/жождо диссертациянын берилген планына ылайык изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн зарыл болгон маалыматтык жана материалдык-техникалык ресурстардын болушу;

3) талапкердин илимий жетишкендиктеринин болушу (илимий жана жарыялоо активдүүлүгү).

16. Берилген документтердин жогоруда көрсөтүлгөн критерийлерге шайкештигин кароонун жыйынтыгы боюнча кабыл алуу комиссиясы ар бир талапкер боюнча өзүнчө корутунду берет. Докторантурага кабыл алуу же баш тартуу жөнүндө чечим тапшырып жаткан адамга беш күндүк мөөнөттө, бирок окуу башталганга чейин 2 жумадан кечиктирилбестен билдирилет. Кабыл алуу комиссиясынын чечими протокол менен таризделет.

17. Кабыл алуу жөнүндө чечим кабыл алуу комиссиясынын протоколунун негизинде кабыл алынат.

18. Диссертациянын темасын тандоодо Кыргыз Республикасында илимди өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарынын бекитилген тизмегине шайкеш келген изилдөөлөргө артыкчылык берилет.



4) план докторского исследования;

5) список опубликованных научных работ, изобретений и патентов;

6) письмо-согласие научного руководителя/консультанта с предполагаемой темой и областью исследования (при наличии).

Паспорт и диплом в оригинале представляются докторантом лично.

14. Прием в докторантуру осуществляется на конкурсной основе.

Ученый (научно-технический) совет научной организации/вуза объявляет о конкурсном приеме в докторантуру по научным специальностям в соответствии с номенклатурой специальностей научных работников. Научная организация/вуз приказом руководителя создает конкурсную комиссию, в состав которой входят проректор по научной работе и ведущие ученые. По истечении срока, установленного для представления документов, документы всех участников конкурсного отбора передаются на рассмотрение комиссии.

15. Основными критериями при осуществлении приема являются:

1) соответствие научного исследования профилю научной организации/вуза;

2) наличие в научной организации/вузе информационных и материально-технических ресурсов, необходимых для проведения исследований в соответствии с представленным планом диссертации;

3) наличие у претендента научных достижений (научная и публикационная активность).

16. По итогам рассмотрения представленных документов на их соответствие вышеуказанным критериям приемная комиссия дает отдельное заключение по каждому кандидату. Решение о приеме в докторантуру или отказе сообщается поступающему в пятидневный срок, но не позднее, чем за 2 недели до начала обучения. Решение приемной комиссии оформляется протоколом.

17. Решение о приеме принимается на основании протокола приемной комиссии.

18. Приоритет при выборе темы диссертации отдается исследованиям, соответствующим утвержденному Перечню приоритетных направлений развития науки в Кыргызской Республике.

19. Структура подразделения, курирующая подготовку научных кадров издает приказ об утверждении темы, индивидуального учебного плана, который далее загружается докторантом в его личный кабинет на сайте уполномоченного государственного органа в сфере аттестации научных кадров.

20. Зачисление в докторантуру производится приказом руководителя научной организации/вуза.

19. Илимий кадрларды даярдоону тейлеген түзүмдүк бөлүм теманы, жеке окуу планын бекитүү жөнүндө буйрук чыгарат, андан ары докторант илимий кадрларды аттестациялоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын сайтындагы өзүнүн жеке кабинетине жүктөйт.

20. Докторантурага кабыл алуу илимий уюмдун/жождун жетекчисинин буйругу менен жүргүзүлөт.

21. Докторантурага кабыл алынган адамдар окуудан бош мезгилинде кошумча илимий жана педагогикалык иш менен алектенүүгө укуктуу.

22. Докторантура изилдөөнүн жыйынтыктарын докторлук диссертация түрүндө тариздөө менен аяктайт.

23. Докторант изилдөө ишин өз алдынча же илимий консультанттын – илимдин докторунун жетекчилигинде аткара алат. Илимий консультанттар катары башка илимий уюмдардын жетектөөчү окумуштуулары жана адистери тартылышы мүмкүн.

24. Докторант илимий уюмдардын/жождордун лабораторияларын, кабинеттерин, илимий китепканаларын, эксперименттик түзүлүштөрүн, ошондой эле окуу, илимий, дарылоо жана башка бөлүмдөрүнүн кызмат көрсөтүүлөрүн алардын уставдарында аныкталган тартипте акысыз пайдаланат.

25. Докторант жыл сайын окумуштуулар (илимий-техникалык) кеңешинде жасаган иштери жөнүндө отчет берет.

26. Жеке планды аткарбаган докторант илимий уюмдун/жождун жетекчисинин буйругу менен докторантурадан чыгарылат.

27. Окуу мөөнөтү аяктаганга чейин докторантурадан чыгарылган докторант жеке планды окуудан чыгарууда жеткиликсиз көлөмдө аткарган учурда окуунун калган мөөнөтүнө калыбына келтирилет.

28. Докторлук диссертацияны аяктоо үчүн чыгармачылык өргүү, ошондой эле докторантуранын мөөнөтү аяктагандан кийин кошумча убакыт берилбейт.

## 3-глава. Аспирантура (адъюнктура)

29. Аспирантура (адъюнктура) – илимий-изилдөө иштерин пландоо жана өз алдынча жүргүзүү боюнча компетенцияларга, ошондой эле илимдин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга жеке илимий-квалификациялык ишти (диссертацияны) даярдоого мүмкүндүк берүүчү терең теориялык билимге ээ болгон илимий-педагогикалык жана илимий кадрларды даярдоо формасы.

30. Аспирантурада окуу күндүзгү окуу формасында – 3 жыл, сырттан окуу формасында – 4 жыл.



21. Лица, зачисленные в докторантуру, имеют право заниматься дополнительной научной и педагогической деятельностью в свободное от обучения время.

22. Докторантура завершается оформлением результатов исследования в виде докторской диссертации.

23. Докторант может выполнить исследовательскую работу самостоятельно либо под руководством научного консультанта – доктора наук. В качестве научных консультантов могут привлекаться ведущие ученые и специалисты сторонних научных организаций.

24. Докторант бесплатно пользуется лабораториями, кабинетами, научными библиотеками, экспериментальными установками, а также услугами учебных, научных, лечебных и других подразделений научных организаций/вузов в порядке, определенном их уставами.

25. Докторант ежегодно на ученом (научно-техническом) совете представляет отчет о проделанной работе.

26. Докторант, не выполняющий индивидуальный план, отчисляется из докторантуры приказом руководителя научной организации/вуза.

27. Докторант, отчисленный из докторантуры до окончания срока обучения, восстанавливается на оставшийся срок обучения в случае выполнения индивидуального плана в объеме, недостающем при отчислении.

28. Творческий отпуск для завершения докторской диссертации, а также дополнительное время после окончания срока докторантуры не предоставляется.

## Глава 3. Аспирантура (адъюнктура)

29. Аспирантура (адъюнктура) – форма подготовки научно-педагогических и научных кадров, обладающих компетенциями по планированию и самостоятельному проведению научно-исследовательских работ, а также глубокими теоретическими знаниями, позволяющими подготовить индивидуальную научно-квалификационную работу (диссертацию) на соискание ученой степени кандидата наук.

30. Обучение в аспирантуре осуществляется по очной форме обучения – 3 года, заочной – 4 года.

31. В аспирантуру (адъюнктуру) принимаются на конкурсной основе лица, имеющие высшее профессиональное образование, подтвержденное дипломом специалиста или магистра.

32. Заявление о приеме в аспирантуру (адъюнктуру) подается на имя руководителя научной организации/вуза с приложением следующих документов:

31. Аспирантурага (адъюнктурага) адистин же магистрдин дипломy менен ырасталган жогорку кесиптик билими бар адамдар конкурстук негизде кабыл алынат.

32. Аспирантурага (адъюнктурага) кабыл алуу жөнүндө арыз илимий уюмдун/жождун жетекчисинин атына берилет, ага төмөнкү документтер тиркелет:

1) жогорку кесиптик билими жөнүндө адистин же магистрдин дипломунун көчүрмөсү (чет өлкөлүк жарандар үчүн – алардын билими тууралуу документтеринин эквиваленттүүлүгү жөнүндө күбөлүк);

2) паспорттун көчүрмөсү;

3) резюме/кадрларды каттоо боюнча өздүк баракча;

4) жарыяланган илимий эмгектердин, ойлоп табуулардын тизмеси (бар болсо);

5) эмгек китепчесинин көчүрмөсү;

6) окумуштуулар (илимий-техникалык) кеңешинин же мамлекеттик аттестациялык комиссиянын сунуштамалары;

7) кандидаттык экзамендерди тапшыргандыгы жөнүндө протокол жана мамлекеттик жана англис тилдерин тапшыргандыгы тууралуу сертификаттар (бар болсо);

8) илимий жетекчинин/консультанттын болжолдонгон тема жана изилдөө тармагы менен макулдук каты (бар болсо);

9) тиешелүү тармактын адисинин пикири менен тандалган адистик темасы боюнча реферат.

Паспортту жана дипломду аспирант жеке өзү түп нускасында көрсөтөт.

33. Аспирантурага (адъюнктурага) кабыл алуу жыл сайын илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленген мөөнөттө жүргүзүлөт.

Аспирантурага (адъюнктурага) кабыл алууну уюштуруу үчүн илимий уюмдун/жождун жетекчисинин (жетекчисинин орун басарынын) төрагалыгы алдында жогорку квалификациялуу илимий-педагогикалык жана илимий кадрлардын, анын ичинде болочок аспиранттардын илимий жетекчилеринин ичинен кабыл алуу комиссиясы түзүлөт.

34. Аспирантурага (адъюнктурага) тапшырып жаткан адамдар сунуш кылынган илимий жетекчи менен алдын ала аңгемелешүүдөн өтүшөт, ал кабыл алуу комиссиясына аңгемелешүүнүн жыйынтыгы жөнүндө билдирет.

35. Аспирантурага (адъюнктурага) тапшырып жаткан адамдар төмөнкү дисциплиналар боюнча кирүү экзамендерин тапшырат:

1) адис же магистр үчүн колдонуудагы программанын көлөмүндө атайын дисциплинадан;

2) аспирантка диссертациялык ишин аткарууда керек болгон, илимий уюм/жож тарабынан аныкталган чет тили;



1) копия диплома специалиста или магистра о высшем профессиональном образовании (для иностранных граждан – удостоверение об эквивалентности их документов об образовании);

2) копия паспорта;

3) резюме/личный листок по учету кадров;

4) список опубликованных научных работ, изобретений (при наличии);

5) копия трудовой книжки;

6) рекомендации ученого (научно-технического) совета или государственной аттестационной комиссии;

7) протокол о сдаче кандидатских экзаменов и сертификаты о сдаче государственного и английского языков (при наличии);

8) письмо-согласие научного руководителя/консультанта с предполагаемой темой и областью исследования (при наличии);

9) реферат на тему по выбранной специальности с отзывом специалиста соответствующей отрасли.

Паспорт и диплом в оригинале представляются аспирантом лично.

33. Прием в аспирантуру (адъюнктуру) проводится ежегодно в сроки установленные уполномоченным государственным органом в сфере науки.

Для организации приема в аспирантуру (адъюнктуру) создается приемная комиссия под председательством руководителя (заместителя руководителя) научной организации/вуза из числа высококвалифицированных научно-педагогических и научных кадров, включая научных руководителей будущих аспирантов.

34. Лица, поступающие в аспирантуру (адъюнктуру), проходят предварительное собеседование с предлагаемым научным руководителем, который сообщает о результатах собеседования приемной комиссии.

35. Лица, поступающие в аспирантуру (адъюнктуру), сдают вступительные экзамены по следующим дисциплинам:

1) специальная дисциплина в объеме действующей программы для специалиста или магистра;

2) иностранный язык, определяемый научной организацией/вузом, необходимый аспиранту для выполнения диссертационной работы;

3) история и философия науки;

4) кыргызский язык.

36. Прием вступительных экзаменов по дисциплинам проводится соответствующими комиссиями, в состав которых входят остепененные преподаватели согласно профилю сдаваемой дисциплины.

3) илимдин тарыхы жана философиясы;

4) кыргыз тили.

36. Дисциплиналар боюнча кирүү экзамендерин кабыл алуу тийиштүү комиссиялар тарабынан жүргүзүлөт, алардын курамына тапшырылып жаткан дисциплина тармагына ылайык окумуштуулук даражасы бар окутуучулар кирет.

37. Чет тили боюнча жана чыгармачылык адистиктер боюнча комиссиялар окумуштуулук даражасы жана илимий наамы жок квалификациялуу окутуучулардан турушу мүмкүн.

38. Кабыл алуу комиссиясы кирүү сынактарынын жыйынтыгы боюнча ар бир тапшыруучу адамга карата өзүнчө чечим чыгарат.

39. Аспирантурага (адъюнктурага) кабыл алуу же баш тартуу жөнүндө чечим тапшыруучу адамга беш күндүк мөөнөттө, бирок окуу башталганга чейин 2 жумадан кечиктирбестен билдирилет.

40. Аспирантурага (адъюнктурага) кабыл алуу илимий уюмдун/жождун жетекчисинин буйругу менен тариздөлөт.

41. Аспирант аспирантурада (адъюнктурада) окуп жаткан мезгилде төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) окуу планын толук көлөмдө аткарууга;

2) кандидаттык экзамендерди тапшырууга;

3) диссертациялык ишин аяктоого жана аны иш аткарылган жеринде талкуулоодон өткөрүүгө.

42. Аспиранттар кандидаттык экзамендерди илимий кадрларды аттестациялоо тармагындагы мыйзамдарга ылайык тапшырат.

43. Аспиранттардын диссертациялык иштеринин темалары, илимий жетекчилери жана окуу пландары илимий уюмдун/жождун окумуштуулар (илимий-техникалык) кеңеши тарабынан бекитилет жана жетекчинин буйругу менен тариздөлөт, андан ары аспирант илимий кадрларды аттестациялоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын сайтындагы өзүнүн жеке кабинетине жүктөйт.

Диссертациянын темасын тандоодо артыкчылык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген Кыргыз Республикасында илимди өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарынын тизмегине туура келген изилдөөлөргө берилет.

44. Аспиранттардын илимий жетекчилери тарабынан көбүнчө тиешелүү же тектеш адистиги боюнча илимдин докторлору, ошондой эле тиешелүү багыттагы илимдин кандидаттары, философия докторлору (PhD)/тармак боюнча докторлор бекитилет.

Эки адистиктин кесилишинде илимий изилдөөлөрдү жүргүзгөн аспиранттарга эки илимий жетекчинин жетекчилиги астында иштөөгө уруксат берилет.

Илимий жетекчи аспиранттын бекитилген окуу планын аткарышын контролдойт.



37. Комиссии по иностранному языку и по творческим специальностям могут состоять из квалифицированных преподавателей, не имеющих ученой степени и ученого звания.

38. Приемная комиссия по результатам вступительных испытаний выносит отдельное решение по каждому поступающему лицу.

39. Решение о приеме в аспирантуру (адъюнктуру) или отказе сообщается поступающему лицу в пятидневный срок, но не позднее, чем за 2 недели до начала обучения.

40. Зачисление в аспирантуру (адъюнктуру) оформляется приказом руководителя научной организации/вуза.

41. Аспирант за время обучения в аспирантуре (адъюнктуре) обязан:

1) выполнить учебный план в полном объеме;

2) сдать кандидатские экзамены;

3) завершить работу над диссертацией и пройти ее обсуждение по месту выполнения работы.

42. Аспиранты сдают кандидатские экзамены в соответствии с законодательством в области аттестации научных кадров.

43. Темы диссертационных работ, научные руководители и учебные планы аспирантов утверждаются ученым (научно-техническим) советом научной организации/вуза и оформляются приказом руководителя, который далее загружается аспирантом в его личный кабинет на сайте уполномоченного государственного органа в сфере аттестации научных кадров.

Приоритет при выборе темы диссертации отдается исследованиям, соответствующим Перечню приоритетных направлений развития науки в Кыргызской Республике, утверждаемому Кабинетом Министров Кыргызской Республики.

44. Научными руководителями аспирантов утверждаются, преимущественно, доктора наук по соответствующей или смежной специальности, а также, возможно, кандидаты наук, доктора философии (PhD)/доктора по профилю соответствующего направления.

Аспирантам, выполняющим научные исследования на стыке двух специальностей, разрешается выполнять работу под руководством двух научных руководителей.

Научный руководитель контролирует выполнение аспирантом утвержденного учебного плана.

45. Аспирант ежегодно представляет отчет на кафедру (отдел, сектор, лабораторию). Все отчеты аспирантов за время обучения в аспирантуре сохраняются и представляются вместе с диссертационной работой. Аспирант, не выполняющий в

45. Аспирант жыл сайын кафедрага (бөлүмгө, секторго, лабораторияга) отчет берет. Аспиранттардын бардык отчеттору аспирантурада окуган мезгилде сакталат жана диссертациялык иши менен бирге берилет. Белгиленген мөөнөттө окуу планын аткарбаган аспирант илимий уюмдун/жождун жетекчисинин буйругу менен аспирантурадан чыгарылат.

46. Аспиранттар тандалган тема боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн илимий уюмдардын/жождордун илимий-педагогикалык жана илимий кызматкерлери менен бирдей жабдууларды, лабораторияларды, кабинеттерди, китепканаларды, иш сапарларга, анын ичинде чет өлкөлүк окуу жана илимий борборлорго баруу, экспедицияларга ж.б. катышуу укугун пайдаланат.

47. Аспиранттарды бир илимий уюмдан/жождон башка жакка которуу, ошондой эле даярдоонун күндүзгү бөлүмүнөн сырттан окуу бөлүмүнө жана тескерисинче которуу, окуу мөөнөтү аяктаганга чейин аспирантурадан (адъюнктурадан) чыгарылган аспирантты калыбына келтирүү, аспирантурадан докторантурага PhD/тармак боюнча жана кайра которуу илимий уюмдун/жождун жетекчисинин чечими менен жүзөгө ашырылат. Которуу жана калыбына келтирүү аспиранттын жеке арызы боюнча жүргүзүлөт.

48. Аспиранттарды даярдоо программасына кандидаттык минимумду жана тесттерди тапшыруу үчүн дисциплиналардан тышкары «Педагогикалык чеберчиликтин мектептери», «Академиялык жазуу», «Илимий изилдөөлөрдүн методологиясы (Статанализ)» дисциплиналары киргизилет.

49. Аспирантураны бүтүргөндөн кийин бирдиктүү үлгүдөгү тиешелүү сертификат берилет, анын кошумча барагында илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленген талаптарга ылайык өздөштүрүлгөн дисциплиналардын тизмеги, сааттардын көлөмү жана алынган баалар көрсөтүлөт.

50. Күндүзгү окуу бөлүмүндө окуган аспиранттар жеке даярдоо планын аткарган шартта акы төлөнүүчү илимий, педагогикалык иштерди аткарууга укуктуу.

51. Илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоону тейлеген түзүмдүк бөлүмдөр жылына бир жолу илимий уюмдардын/жождордун окумуштуулар (илимий-техникалык) кеңешине отчет берет.

52. Илимий уюм/жож жыл сайын окуу жылы аяктагандан кийин илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга отчет берет.

## 4-глава. Изденүүчүлүк

53. Изденүүчүлүк – белгиленген мөөнөттө кандидаттык минимумдарды жана илимий иштерди коргоо менен талап кылынган



установленные сроки учебный план, отчисляется из аспирантуры приказом руководителя научной организации/вуза.

46. Аспиранты для проведения работ по избранной теме научных исследований пользуются наравне с научно-педагогическими и научными работниками научных организаций/вузов оборудованием, лабораториями, кабинетами, библиотеками, правом на командировки, в том числе в зарубежные учебные и научные центры, участие в экспедициях и т. д.

47. Перевод аспирантов из одной научной организации/вуза в другую, а также с очной формы подготовки на заочную и наоборот, восстановление аспиранта, отчисленного из аспирантуры (адъюнктуры) до окончания срока обучения, перевод из аспирантуры в докторантуру PhD/по профилю и обратно осуществляется решением руководителя научной организации/вуза. Перевод и восстановление производится по личному заявлению аспиранта.

48. В программу подготовки аспирантов, кроме дисциплин для сдачи кандидатского минимума и тестов, включаются дисциплины «Школы педагогического мастерства», «Академическое письмо», «Методология научных исследований (Статанализ)».

49. По окончанию аспирантуры выдается соответствующий сертификат единого образца с вкладышем, где отражаются перечень освоенных дисциплин, объем часов и полученные оценки в соответствии с требованиями, установленными уполномоченным государственным органом в сфере науки.

50. Аспиранты, обучающиеся по очной форме, имеют право выполнять оплачиваемую научную, педагогическую работу при условии выполнения ими индивидуального плана подготовки.

51. Структурные подразделения, курирующие подготовку научных и научно-педагогических кадров, один раз в год отчитываются перед ученым (научно-техническим) советом научных организаций/вузов.

52. Научная организация/вуз ежегодно по завершению учебного года предоставляет отчет в уполномоченный государственный орган в сфере науки.

## Глава 4. Соискательство

53. Соискательство – форма подготовки научных кадров, которые самостоятельно осваивают требуемую нагрузку с защитой кандидатских минимумов и научной работы в установленные сроки.

54. Соискателями ученой степени, самостоятельно работающими над докторскими диссертациями (далее – соискатель), могут быть лица, имеющие ученую степень кандидата наук, доктора философии (PhD)/по профилю.

жүктөмдү өз алдынча өздөштүргөн илимий кадрларды даярдоо формасы.

54. Докторлук диссертациялардын үстүндө өз алдынча иштеген окумуштуулук даражаны изденүүчүлөр (мындан ары – изденүүчү) илимдин кандидаты, философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктору окумуштуулук даражасы бар адамдар болушу мүмкүн.

Кандидаттык диссертациялардын үстүндө өз алдынча иштеген окумуштуулук даражаны изденүүчүлөр адистин же магистрдин диплому менен ырасталган жогорку кесиптик билими бар адамдар болушу мүмкүн.

55. Изденүүчүлөр илимдин доктору окумуштуулук даражасын изденип алууга диссертацияларды даярдоо үчүн илимий-изилдөө, эксперименталдык базасы жана жогорку квалификациялуу илимий кадрлары бар илимий уюмдарга/жождорго 4 жылдан кем эмес мөөнөткө бекитилет.

56. Изденүүчү катары бекитүү үчүн илимий уюмдун/жождун жетекчисинин атына окумуштуулук даражаны изденүүчүлүктүн деңгээлине ылайык келген документтерди тиркөө менен арыз берилет (Жобонун 13 же 25-пункту).

57. Документтерди берүү үчүн белгиленген мөөнөт аяктагандан кийин конкурстук тандоонун бардык катышуучуларынын документтери изденүүчүлүк институтуна талапкерлерди тандоо боюнча комиссиянын кароосуна берилет. Илимий уюм/жож жетекчисинин буйругу менен конкурстук комиссияны түзөт, ага мекеменин илимий иштер боюнча проректору жана жетектөөчү окумуштуулары кирет.

Кабыл алуу комиссиясы документтерди кабыл алуунун белгиленген мөөнөтү аяктагандан кийин эки жуманын ичинде берилген документтерди карайт.

58. Конкурстук тандоону жүзөгө ашырууда негизги критерийлер болуп төмөнкүлөр саналат:

1) диссертациялык изилдөө даярдала турган илимий адистиктин илимий уюмдун/жождун тармагынын илимий адистигине шайкештиги;

2) диссертациянын берилген планына ылайык изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн зарыл болгон маалыматтык жана материалдык-техникалык ресурстардын илимий уюмда/жождо болушу;

3) талапкердин илимий жетишкендиктеринин болушу (илимий жана жарыялоо активдүүлүгү).

59. Берилген документтердин жогоруда көрсөтүлгөн критерийлерге шайкештигин кароонун жыйынтыгы боюнча комиссия ар бир талапкер боюнча өзүнчө корутунду берет. Кабыл алуу же баш тартуу жөнүндө чечим тапшырып жаткан адамга беш күндүк мөөнөттө, бирок окуу башталганга чейин 2 жумадан кечиктирилбестен билдирилет. Комиссиянын чечими протокол менен таризделет. Кабыл



Соискателями ученой степени, работающими над кандидатскими диссертациями самостоятельно, могут быть лица, имеющие высшее профессиональное образование, подтвержденное дипломом специалиста или магистра.

55. Соискатели для подготовки диссертаций на соискание ученой степени доктора наук прикрепляются к научным организациям/вузам, располагающим научно-исследовательской, экспериментальной базой и научными кадрами высшей квалификации, на срок не менее 4 лет.

56. Для прикрепления в качестве соискателя подается заявление на имя руководителя научной организации/вуза с приложением документов соответствующих уровню соискательства ученой степени (13 или 25 пункт Положения).

57. По истечении срока, установленного для представления документов, документы всех участников конкурсного отбора передаются на рассмотрение комиссии по отбору кандидатов в институт соискательства. Научная организация/вуз приказом руководителя создает конкурсную комиссию, в которую входят проректор по научной работе и ведущие ученые учреждения.

Приемная комиссия рассматривает представленные документы в течение двух недель после окончания установленного срока приема документов.

58. Основными критериями при осуществлении конкурсного отбора являются:

1) соответствие научной специальности, по которой предполагается подготовка диссертационного исследования, научной специальности профиля научной организации/вуза;

2) наличие в научной организации/вузе информационных и материально-технических ресурсов, необходимых для проведения исследований в соответствии с представленным планом диссертации;

3) наличие у претендента научных достижений (научная и публикационная активность).

59. По итогам рассмотрения представленных документов на их соответствие вышеуказанным критериям комиссия дает отдельное заключение по каждому кандидату. Решение о приеме или отказе сообщается поступающему в пятидневный срок, но не позднее, чем за 2 недели до начала обучения. Решение комиссии оформляется протоколом. В случае принятия решения о приеме на основании протокола комиссии издается приказ о зачислении.

60. Решение о прикреплении соискателя с утверждением плана, темы диссертации и научного руководителя принимается на основании протокола комиссии.

61. Соискатели в 2 месячный срок представляют на рассмотрение кафедры (отдела, сектора, лаборатории) согласованный с научным руководителем (консультантом) индивидуальный план работы.

алуу жөнүндө чечим кабыл алынган учурда комиссиянын протоколунун негизинде кабыл алуу жөнүндө буйрук чыгарылат.

60. Диссертациянын планын, темасын жана илимий жетекчисин бекитүү менен изденүүчүнү бекитүү жөнүндө чечим комиссиянын протоколунун негизинде кабыл алынат.

61. Изденүүчүлөр 2 айлык мөөнөттө кафедранын (бөлүмдүн, сектордун, лабораториянын) кароосуна илимий жетекчи (консультант) менен макулдашылган жеке иш планын тапшырат.

62. Изденүүчүлөрдүн илимий жетекчилери (консультанттары) болуп илимдин доктору окумуштуулук даражасы бар адамдар дайындалат. Илимий уюмдун/жождун окумуштуулар (илимий-техникалык) кеңешинин чечими боюнча изденүүчүлөрдүн илимий жетекчисине тиешелүү адистиктеги илимдин кандидаты тартылышы мүмкүн.

63. Докторлук диссертация изденүүчү тарабынан илимий жетекчисиз (консультантсыз) даярдалышы мүмкүн.

64. Изденүүчүлөр жыл сайын окумуштуулар (илимий-техникалык) кеңешине отчет берип турат. Көрсөтүлгөн мөөнөттө жеке иш планын аткарбаган изденүүчүлөр окуудан чыгарылат.

65. Изденүүчүлөрдүн диссертациялык иштеринин темалары, илимий жетекчилери жана жеке окуу пландары жетекчинин буйругу менен бекитилет, андан кийин изденүүчү тарабынан илимий кадрларды аттестациялоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын сайтындагы анын жеке кабинетине жүктөлөт.

Диссертациянын темасын тандоодо артыкчылык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген Кыргыз Республикасында илимди өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарынын тизмегине шайкеш келген изилдөөлөргө берилет.

66. Изденүүчүлөр бекитилген жери боюнча керектүү жабдууларды, кабинеттерди, китепканаларды ж.б. пайдаланат. Изденүүчүлөр иштеген илимий уюмдардын/жождордун жетекчилери аларга диссертациялардын үстүндө иштөө үчүн зарыл шарттарды түзүүгө жардам көрсөтөт.

67. Илимдин кандидаты окумуштуулук даражасына изденүүчүлөр кандидаттык экзамендерди илимий кадрларды аттестациялоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык тапшырат.

## 5-глава. Илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоону каржылоо

68. Илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо окуп жаткандардын өздүк каражаттарынын, илимий уюмдун/жождун атайын каражаттарынын эсебинен, Кыргыз Республикасынын



62. Научными руководителями (консультантами) соискателей назначаются лица с ученой степенью доктора наук. По решению ученого (научно-технического) совета научной организации/вуза к научному руководству соискателей могут привлекаться кандидаты наук соответствующей специальности.

63. Докторская диссертация может быть подготовлена соискателем без научного руководителя (консультанта).

64. Соискатели ежегодно отчитываются перед ученым (научно-техническим) советом. Соискатели, не выполняющие индивидуальный план работы в указанные сроки, подлежат отчислению.

65. Темы диссертационных работ, научные руководители и индивидуальные учебные планы соискателей утверждаются приказом руководителя, который далее загружается соискателем в его личный кабинет на сайте уполномоченного государственного органа с сфере аттестации научных кадров.

Приоритет при выборе темы диссертации отдается исследованиям, соответствующим Перечню приоритетных направлений развития науки в Кыргызской Республике, утверждаемому Кабинетом Министров Кыргызской Республики.

66. Соискатели по месту прикрепления пользуются необходимым оборудованием, кабинетами, библиотеками и т. п. Руководители научных организаций/вузов, где работают соискатели, оказывают им помощь в создании необходимых условий для работы над диссертациями.

67. Соискатели на ученую степень кандидата наук сдают кандидатские экзамены в соответствии законодательством в сфере аттестации научных кадров.

## Глава 5. Финансирование подготовки научных и научно-педагогических кадров

68. Подготовка научных и научно-педагогических кадров может осуществляться за счет собственных средств обучающихся, специальных средств научной организации/вуза за счет средств республиканского бюджета в порядке, определяемом Кабинетом Министров Кыргызской Республики.

69. Оплата труда научных руководителей обучающихся по программам послевузовского профессионального образования производится согласно нормам времени и тарифов цен на образовательные услуги из расчета 50 часов на одного аспиранта/докторанта/соискателя в год, включая случаи утверждения

Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипте республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

69. Жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү программалары боюнча окугандардын илимий жетекчилеринин эмгегине акы төлөө илимий уюмдун/жождун атайын каражаттарынын эсебинен 2 илимий жетекчи бекитилген учурларды кошо алганда, жылына бир аспирантка/докторантка/изденүүчүгө 50 саат эсептелгендеги билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнө баалардын тарифтерине жана убакыттын ченемдерине ылайык жүргүзүлөт.

## 6-глава. Корутунду жоболор

70. Жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү программалары боюнча окугандарга эмгек стажы, социалдык кепилдиктер жана жеңилдиктер Кыргыз Республикасынын жарандык жана эмгек чөйрөсүндөгү мыйзамдары менен аныкталат.

71. Окуучулардын документтери «Кыргыз Республикасынын Улуттук архив фонду жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык сакталат жана пайдаланылат.



2 научных руководителей, за счет специальных средств научной организации/вуза.

## Глава 6. Заключительные положения

70. Трудовой стаж, социальные гарантии и льготы обучающимся по программам послевузовского профессионального образования определяются законодательством Кыргызской Республики в сфере гражданского и трудового законодательства.

71. Документы обучающихся хранятся и используются в соответствии с Законом Кыргызской Республики «О Национальном архивном фонде Кыргызской Республики».